| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК |
|---|---|---|

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин VIII чакырылышынын IX сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 13-октябры №129 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү курултайын өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө**

Мамлекеттик башкаруунун ачыктыгын, айкындуулугун жана эл менен байланыш чындоо максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы №199 тескемесине жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 "Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгынын негизинде бекитилген жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү боюнча тиешелүү аймакты бөлүктөргө бөлүү ченеми боюнча нускамасына" ылайык маселени карап, талкуулап Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын Этностук коомдук бирикмелердин Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү 2025-жылдын **1-ноябрында саат 10:00** до өткөрүлсүн.

2. Ак-Терек айыл аймагынын Кезектеги IV Элдик Курултайынын курамы калктын санына **ылайык 80 делегаттан** тураары белгиленсин.

3. Ак-Терек айыл аймагынын Кезектеги IV Элдик Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы **21 (жыйырма бир)** адамдан бекитилсин (№1 тиркеме)

4. Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдү көрсөтүү боюнча жергиликтүү коомдоштуктун **жыйындары 17-октябрынан 24-октябрына** чейин графикке ылайык өткөрүлсүн жана өкүлчүлүктүн нормалары калктын санына жараша бөлүнөөрү эскертилсин. (№2 тиркеме)

5. Ак-Терек айыл өкмөтү Кезектеги IV Элдик Курултайды уюштурууга, жумушчу топко ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө жана белгиленген мөөнөттө графикке ылайык жыйындарга калктын келүүсүн, жыйын өтүүчү жайды тиешелүү аппараттар менен камсыздоого милдеттендирилсин.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **Эркинбек уулу С.**